**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«13»-апрель 2026-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XXV сессия**

**ТОКТОМ** **№8** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарындагы жеке менчик жер тилкесинин укуктук зонасын өзгөртүү жөнүндө**

Манас шаарынын мэриясынын 17.02.2026-жылдагы чыг.№01-18/881 сандуу каты жана ага тиркелген иш кагаздары, Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелеринин негизинде, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Д.Малашев (мурунку Т.Байзаков) көчөсүнүн 62а дарегинде жайгашкан “Спектр” жоопкерчилиги чектелген коомуна таандык 8450,0 чарчы метр жеке менчик жер тилкесин П-1 (өндүрүш) укуктук зонасынан “Ж-3” (көп кабаттуу турак жай) укуктук зонасына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Манас шаарынын мэриясына, Манас шаардык архитектура жана шаар куруу башкармалыгына, КР Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Манас шаардык филиалына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде 2006-жылы кабыл алынган “Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелерине” өзгөртүү киргизип, мыйзам чегинде иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Талант у.А.**